КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ

ТҮП РАЙОНУ
ТҮП АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ

ТЮПСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ТЮП

**Түп айылдык кенешинин XXIX-чакырылышынын IV – сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

2025-жылдын 21-январы **№23** Түп айылы

**Түп районунун шаар куруу жана архитектура башкармалыгына жаңы имарат куруу үчүн жер тилкесин берүүгө макулдук жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» №123 Мыйзамынын 34-беренесинин 1-пунктуна жана 27-беренсиинин 1.2-пунктуна ылайык Түп айылдык кеңешинин XXIX-чакырылышынын IV – сессиясы **токтом кылат:**

1. Түп айылынын Осмонов көчөсүндө жайгашкан “Бакыт” бала бакчасынын маңдайындагы, Боронбай жана Эстебесов көчөлөрүнүн ортосундагы кварталда бош жаткан 0,10 га жер тилкесине Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин шаар куруу жана архитектура департаментинин Түп районунун шаар куруу жана архитектура башкармалыгына жаңы имарат куруу үчүн жер тилкесин бөлүп берүүгө макулдук берилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыздоо Түп айыл өкмөтүнүн башчысы Ч.Э.Джузеновго, көзөмөлдөө Түп айылдык кеңешинин айыл чарбасы, жерди пайдалануу, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

3. Бул токтомду маалымат-массалык каражаттарына жарыялап, Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинин каттоосунан өткөрүү жооптуу катчы Ж.Ишембаевага милдеттендирилсин.

**Төрага** **Абдымамбетов А.Б.**